# ЖАЛБЫРАГЫМ

Сөзү: Нарсулуу Гургубаеваныкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2016-жыл, 16-февраль

Турмуштун туура көргөн катасы үчүн,
Жашайбыз эки өйүздө жалгызсырап.
Бизге азыр бүтүн болуп жашаш үчүн,
Дүйнөнүн бүтүндүгү аздык кылат.

Билбеймин кайда барам кагылайын,
Өзүңө буйрубаган сүйүүм менен.
Мен сенин үзүлбөгөн жалбырагың,
Сен менин жалбырагым үзүлбөгөн.

Бар туруп, бул дүйнөдө жартыбыз биз,
Өтөөбүз өксүк бойдон сүйүү издеп.
Башкалар жашап эми бактыбызды,
Башкалар эми биздей сүйүлүшөт.